# 4- класс. III чейрек. 30 саат.

| № | Окуу материалдарынын темалары | Сааты | мөөнөтү | Үйгө тапшырма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кайталоо | 1 | | |
| 2 | К. Молдобасанов | 1 | | |
| 3 | Комуз | 1 | | |
| 4 | Театр | 1 | | |
| 5 | Цирк | 1 | | |
| 6 | Тарых музейи | 1 | | |
| 7 | Кайталоо | 1 | | |
| 8 | Сыйкырдуу жашылчалар | 1 | | |
| 9 | Чарбак | 1 | | |
| 10 | Бадыраң менен капуста | 1 | | |
| 11 | Өрүк, карагат | 1 | | |
| 12 | Суу | 1 | | |
| 13 | Жат жазуу.<br>Каталар үстүндө иштөө | 1 | | |
| 14 | Менин досум | 1 | | |
| 15 | Күн нурун чачсын | 1 | | |
| 16 | Ынтымактуу балдар | 1 | | |
| 17 | Дарак ыйлайбы? | 1 | | |
| 18 | Көнүгүү иштөө | 1 | | |
| 19 | Көнүгүү иштөө | 1 | | |
| 20 | Ата- Мекен | 1 | | |
| 21 | Бишкек | 1 | | |
| 22 | Манастын күмбөзү | 1 | | |
| 23 | Манас баатыр | 1 | | |
| 24 | Соң- Көл | 1 | | |
| 25 | Кайталоо | 1 | | |
| 26 | Күн тартибим | 1 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 27 | Таза аба менен дем алуу | 1 | | |
| 28 | Автобуста | 1 | | |
| 29 | Жат жазуу.<br>Каталар үстүндө иштөө | 1 | | |
| 30 | Кайталоо | 1 | | |
| 31 | Баары: | 30 | | |

2022 жыл 12.01. *Кыргыз тили 4- класс*

**Сабактын темасы:** Кайталоо

| **Сабактын максаты:** | Көрсөткүчтөр: ***Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:*** |
|---|---|
| 1. Окуучулар өтүлгөн темалардын үстүнөн чыгармачылык менен иштешет. Көнүгүүлөрдү туура, сулуу, таза жазышат. Сүрөттөрдүн үстүнөн иштешет. Суроолорго жооп беришет.<br>2. Тема аркылуу кыялдануусу, кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, кыргыз тилине болгон кызыгуусу калыптанат жана кыргызча сүйлөө кеби өсөт.<br>3. Ынтымактуулукка, бирин- бири сыйлоого, бири- биринин пикирлерин уга билүүгө, сыйлоого, тазалыкка, сулуу жазууга тарбияланышат. | 1. Өтүлгөн темалардын үстүнөн чыгармачылык менен иштешсе. Көнүгүүлөрдү туура, сулуу, таза жазышса. Сүрөттөрдүн үстүнөн иштешсе. Суроолорго жооп беришсе.<br>2. Тема аркылуу кыялдануусу, кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, кыргыз тилине болгон кызыгуусу калыптанса жана кыргызча сүйлөө кеби өссө.<br>3. Ынтымактуулукка, бирин- бири сыйлоого, бири- биринин пикирлерин уга билүүгө, сыйлоого, тазалыкка, сулуу жазууга тарбияланышса. |

**Сабактын жабдылышы:** (Ресурстар) Темага карата таркатмалар, карточкалар, сүрөттөр, окуу куралдары ж.б.

**Сабактын ыкмасы:** Диалог, суроо- жооп, аңгемелешүү

**Сабактын тиби:** Жаңы тема

**Сабактын жүрүшү:**

1) Уюштуруу. Мугалим окуучулар менен саламдашат. Класста иштөө үчүн психологиялык жагымдуу жагдай түзүп, окуучуларды сабакка даярдайт.
2) Өтүлгөн теманы кайталоо.
3) Жаңы тема.

| **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
|---|---|
| Мугалим окуучуларга сабактын темасын жана максатын айтат.<br>Үй тапшырманы сурайт. | Окуучулар сабактын темасын, максатын угат жана түшүнүөт.<br>Үй тапшырманы айтышат же көрсөтүшөт.<br>Жаттап келген жаңы сөздөрүн айтып беришет. |

<table>
<tr><td>Жаңы теманы түшүндүрүү.</td><td>Күтүлүүчү натыйжа</td></tr>
<tr><td>1. -ыш мүчөсүн коюп жазгыла.<br>Мисалы:<br>Улуу кишилерге салам бериш керек.<br>Ата- энеге жардамдашыш керек.<br>Жакшы окуп, тартиптүү болуш керек.<br>Кышка эрте даярданыш керек. ж.б.<br>2. -дан (-нан) мүчөсүн коюп жазгыла.<br>Мисалы:<br>Сабактан чыгып, Манас көчөсүнөн өттүм.<br>Асан үйүнөн мектепке чейин жөө келет.<br>Бишкек шаарынан эртең менен чыгып,<br>Суусамырга түштө келдик. ж.б.</td><td>Окуучулар өтүлгөн темалардын үстүнөн чыгармачылык менен иштешет. Көнүгүүлөрдү туура, сулуу, таза жазышат.<br>Сүрөттөрдүн үстүнөн иштешет. Сөз айкаштарын которо алышат. Суроолорго жооп берүү менен ойлорун эркин айтканга үйрөнүшөт.<br>Тема аркылуу кыялдануусу, кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, кыргыз тилине болгон кызыгуусу калыптанат жана кыргызча сүйлөө кеби өсөт.</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">Өз алдынча жана жалпы иштөө</td></tr>
<tr><td colspan="2">3. Сөз айкаштарын түзүшөт.<br>Мисалы:<br>Көк — чөп<br>Жеңил — токой<br>Көп — уксаң<br>Мени — учуп түшүп жатат<br>Аба — таза<br>Музыканы — көмүр<br>Жалбырактар — оюнчуктар<br>Сонун — кишилер</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">Тыныгуу</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">"Күн- түн" оюну.<br>Мугалим окуучуларды түз отургузуп, оюнду баштайт. Мугалим "Түн" дегенде окуучулар көзүн жумуп калыш керек. "Күн" дегенде кайра ачат.</td></tr>
<tr><td colspan="2" align="center">Сабакты бышыктоо:</td></tr>
<tr><td>- Толуктап жазгыла.</td><td>Үлгү:<br>Ырыс алды- ынтымак.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Үйгө тапшырма берүү (1мин) . Макал жаттап келүү</td></tr>
<tr><td colspan="2">Баалоо (3мин)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текшерилди ОТИ боюнча завуч___________</td></tr>
</table>

Кыргыз тили 4 - класс

2022 жыл 13.01

Сабактын темасы: Калый Молдобасанов

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр: *Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:* |
|---|---|
| 1) Окуучулар Калый Молдобасанов боюнча маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртө алышат.<br><br>2) Тема аркылуу окуучулардын кыялдануусу, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу, чыгармачылыгы калыптанат.<br><br>3) Калый Молдобасаонвдун чыгармаларын сыйлоого, келечекте атактуу инсан болууга умтулууга тарбияланышат. | 1) Калый Молдобасанов боюнча маалымат алышса. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшсө. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртө алышса.<br><br>2) Тема аркылуу окуучулардын кыялдануусу, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу, чыгармачылыгы калыптанса.<br><br>3) Калый Молдобасаонвдун чыгармаларын сыйлоого, келечекте атактуу инсан болууга умтулууга тарбияланышса. |
| Сабактын жабдылышы: (Ресурстар)Темага карата көрсөтмөлөр, түстүү маркерлер, карточкалар, таркатмалар, сүрөттөр ж.б. | |
| Сабактын ыкмасы жана усулдары: Аңгемелешүү, көрсөтүү, түшүндүрүү, мугалим менен бирге жумушту катар бүтүрүү. | |
| Сабактын жүрүшү:<br>1) Уюштуруу. Саламдашуу.<br>2) Өтүлгөн теманы кайталоо.<br>3) Жаңы тема. | |
| **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
| Мугалим окуучулардан үй тапшырманы сурайт. | Окуучулар үй тапшырманы көрсөтүшөт же айтып беришет. |

<table>
<tr><td>Жаңы теманы түшүндүрүү.</td><td>Күтүлүүчү натыйжа</td></tr>
<tr><td>Мугалимдин сөзү: Калый Молдобасанов - кыргыз элинин белгилүү композитору. Анын атасы ырчы, комузчу, манасчы болгон. Ал атасынан комуз черткенди үйрөнгөн. Калый Молдобасанов музыкалык окуу жайын, андан кийин Москва консерваториясын бүтүргөн. Анын көптөгөн симфониялык музыкасы, ырлары, балдарга арналган чыгармалары бар. Кыргыз Республикасынын Гимнинин музыкасын жазууга да катышышкан.<br>Окуучуларга суроолорду берет.<br>1. Калый Молдобасанов ким болгон?<br>2. Атасы ким эле?<br>3. Атасынан эмнени үйрөнгөн?<br>4. Кайсы окуу жайларын бүтүргөн?<br>5. Кандай чыгармалары бар?<br>Окуучулардын оюн угат.</td><td>Окуучулар Калый Молдобасанов боюнча маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртө алышат.<br><br>Сүрөттөрдүн үстүнөн иштешет.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Жупта иштөө</td></tr>
<tr><td colspan="2">3. Ролдоштуруп окушат.<br>- Аида Муратовна музыка жөнүндө айтып бересизби?<br>- Айтып берейин. Музыкалык чыгармалар адамдын мүнөзүндөй ар түрдүү болот.<br>- Алардын кандай окшоштугу бар?<br>- Адамдын мүнөзү кандай болот, билесиңби?<br>- Эр жүрөк, коркок, шайыр, назик, орой ж.б.<br>- Азаматсың. Музыкалык чыгарамалардын да бири шайыр болсо, экинчиси коркок болот.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Физкультминутка</td></tr>
<tr><td colspan="2">Окуучулардын каалоосу, тандоосу менен оюн ойнолот.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Сабакты бышыктоо</td></tr>
<tr><td>Карточкалар таратылат:<br>- Адамдын мүнөзү кандай болот?</td><td>Окуучулар карточкаларга өз оюн эркин айтуу менен жооп беришет.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Үйгө тапшырма берүү (1мин) . Жаңы сөздөрдү жаттап келүү</td></tr>
<tr><td colspan="2">Баалоо (3мин)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Текшерилди ОТИ боюнча завуч___________</td></tr>
</table>

20 22 жыл 14.01

Кыргыз тили 4 - класс

**Сабактын темасы:** Комуз

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр**: ***Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:*** |
|---|---|
| 1) Окуучулар комуз боюнча маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Текст боюнча суроо бере алышат. Комуз элдик музыкалык аспап экендигин билишет.<br>2) Тема аркылуу окуучулардын кыялдануусу, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу, чыгармачылыгы калыптанат.<br>3) Комузду сактай, сыйлай, урматтай билүүгө, келечекте атактуу инсан болууга умтулууга тарбияланышат. | 1) Комуз боюнча маалымат алышса. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшсө. Текст боюнча суроо бере алышса. Комуз элдик музыкалык аспап экендигин билишсе.<br>2) Тема аркылуу окуучулардын кыялдануусу, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу, чыгармачылыгы калыптанса.<br>3) Комузду сыйлай, сактай, урматтай билүүгө, келечекте атактуу инсан болууга умтулууга тарбияланышса. |

**Сабактын жабдылышы:** (Ресурстар)Темага карата көрсөтмөлөр, түстүү маркерлер, карточкалар, таркатмалар, сүрөттөр ж.б.

**Сабактын ыкмасы жана усулдары:** Аңгемелешүү, көрсөтүү, түшүндүрүү, мугалим менен бирге жумушту катар бүтүрүү.

**Сабактын жүрүшү:**

1) Уюштуруу. Саламдашуу.
2) Өтүлгөн теманы кайталоо.
3) Жаңы тема.

| **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
|---|---|
| Мугалим окуучулардан үй тапшырманы сурайт. | Окуучулар үй тапшырманы көрсөтүшөт же айтып беришет. |

| Жаңы теманы түшүндүрүү. | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|
| Мугалим ырды көркөм, обону менен айтып берет.<br>"Комузчу"<br>Ой, комузчу, комузчу,<br>Чертип койчу комузду.<br>Элжиресин эт жүрөк,<br>Бийик чыгар добушту.<br>Муратаалы чал тарткан,<br>"Сынган бугу", "Камбаркан".<br>Ушул сонун күүлөрдү,<br>Уккан жандар таң калган.<br>Ойго келбейт убайым,<br>Оюнуңа тунайын.<br>Токтогулдун "Ботоюн"<br>Чертип койчу угайын. | Окуучулар комуз боюнча маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Текст боюнча суроо бере алышат. Комуз элдик музыкалык аспап экендигин билишет. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртө алышат.<br><br>Сүрөттөрдүн үстүнөн иштешет. |

**Жупта иштөө**

2. Ролдоштуруп окушат.

Наташа: Нурдин, комуз жөнүндө айтып берчи.
Нурдин: Комуз- кыргыз элинин эң байыркы аспабы.
Наташа: Анын үнү кандай?
Нурдин: Үнү мукам, жагымдуу.
Наташа: Мен комузду ойногонду үйрөнгүм келет.
Нурдин: Комузда ойноо өтө татаал, кааласаң үйрөтөйүн.
Наташа: Мен аракет кылам. Көптөн бери кызыгып жүргөм.

**Физкультминутка**

"Күн- түн" оюну.

Мугалим окуучуларды түз отургузуп, оюнду баштайт. Мугалим "Түн" дегенде окуучулар көзүн жумуп калыш керек. "Күн" дегенде кайра ачат.

**Сабакты бышыктоо**

| - ган мүчөсүн улап жазгыла. | Үлгү:<br>Болот Миңжылкыев белгилүү ырчы болгон. |
|---|---|

**Үйгө тапшырма берүү** (1мин) . "Комузчу" деген ырды обону менен жаттап келүү.

**Баалоо** (3мин)

**Текшерилди ОТИ боюнча завуч**___________

*Кыргыз тили 4 - класс*

2022 жыл 17.01. 18.01.

Сабактын темасы: Театр

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр: ***Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:*** |
| --- | --- |
| 1) Окуучулар театр боюнча маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Текст боюнча суроо бере алышат. Кыргыз театрынын тарыхы боюнча маалымат алышат.<br>2) Тема аркылуу окуучулардын кыялдануусу, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу, чыгармачылыгы калыптанат.<br>3) Маданияттуулукка, чыгармачылыкка, ынтымактуулукка, келечекте атактуу, белгилүү инсан болууга умтулууга тарбияланышат. | 1) Театр боюнча маалымат алышса. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшсө. Текст боюнча суроо бере алышса. Кыргыз театрынын тарыхы боюнча маалымат алышса.<br>2) Тема аркылуу окуучулардын кыялдануусу, ой- жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу, чыгармачылыгы калыптанса.<br>3) Маданияттуулукка, чыгармачылыкка, ынтымактуулукка, келечекте атактуу, белгилүү инсан болууга умтулууга тарбияланышса. |
| **Сабактын жабдылышы:** (Ресурстар)Темага карата көрсөтмөлөр, түстүү маркерлер, карточкалар, таркатмалар, сүрөттөр ж.б. | |
| **Сабактын ыкмасы жана усулдары:** Аңгемелешүү, көрсөтүү, түшүндүрүү, мугалим менен бирге жумушту катар бүтүрүү. | |
| Сабактын жүрүшү:<br>1) Уюштуруу. Саламдашуу.<br>2) Өтүлгөн теманы кайталоо.<br>3) Жаңы тема. | |
| **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
| Мугалим окуучулардан үй тапшырманы сурайт. | Окуучулар үй тапшырманы көрсөтүшөт же айтып беришет. |

| Жаңы теманы түшүндүрүү. | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|
| **Мугалимжин сөзү:** Театр - спектакль болуучу имарат эле эмес. Театр- искусствонун өзгөчө түрү. Анда окуяны турмушта болуп жаткандай көрсөтөт. Алгач театр Байыркы Грецияда жаралган. Андан бери театр абдан өзгөрдү. Ал адамдын турмушунда маанилүү орунду ээлейт.<br>Кыргыз театрынын тарыхы 1925- жылдан башталган. Ошол жылы биринчи драма ийрими Пишпек педтехникумунда уюшулган. Бул ийримде А. Малдыбаев, К. Жантөшев, А. Куттубаевдер иштешкен. Алар кыргыз театрынын өнүгүшү үчүн зор эмгек кылышкан. | Окуучулар театр боюнча маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. Текст боюнча суроо бере алышат. Кыргыз театрынын тарыхы боюнча маалымат алышат. Тексттин мазмуну боюнча ой жүгүртө алышат.<br>Сүрөттөрдүн үстүнөн иштешет. |

**Өз алдынча жана жалпы иштөө**

Туурабы же туура эмеспи?
Мисалы:
Кыргыз театры 1995- жылы түзүлгөн. Туура эмес.
К. Молдобасанов - белгилүү композитор. Туура.
4. Керектүү сөздөрдү коюп жазышат.
Мисалы:
Бишкек акыркы 10 жылдан бери аябай өзгөрдү.

**Физкультминутка**

"Күн- түн" оюну.
Мугалим окуучуларды түз отургузуп, оюнду баштайт. Мугалим "Түн" дегенде окуучулар көзүн жумуп калыш керек. "Күн" дегенде кайра ачат.

**Сабакты бышыктоо**

| | |
|---|---|
| Мугалим доскага кластерди илет. | Окуучулар кластерди толтурушат.<br>А. Малдыбаев<br>Н. Давлесов<br>Композиторлор<br>К. Молдобасанов |

**Үйгө тапшырма берүү** (1мин) . Сүйлөм түзүп келүү

**Баалоо** (3мин)

**Текшерилди ОТИ боюнча завуч**___________